КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН КЫЗЫЛ-КЫЯ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ

720300, Кызыл-Кыя шаары, Масалиева к., 60
тел. (0–3657) 5–12–55

ЦЕНТРАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ КЫЗЫЛ-КИЙСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

720300, г. Кызыл-Кыя, ул. Масалиева, 60
факс (0–3657) 5–12–57

e-mail : adm26@bishkek.gov.kg

**Исходящий** № 43 от 19.04.2021 г.

**Кыргыз Республикасынын**
**шайлоо жана референдум өткөрүү**
**боюнча Борбордук**
**комиссиясынын төрагасы**
**Н.К.Шайлдабековага**

Кызыл-Кыя аймактык шайлоо комиссиясы, Сиздин 2021-жылдын 17-апрелиндеги тапшырманыз боюнча төмөнкү маалыматты жиберет.

Бул катка №20 чыгыш каты менен 2021-жылдын 14-апрелинде Кызыл-Кыя аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан КР референдум жана шайлоо өткөрүү боюнча борбордук шайлоо комиссиясына түшүндүрмө берилген. Кызыл-Кыя АШКсы бардык болуп жаткан окуяларга өз убагында даана так жооп берген. Кала берсе “НДПК” саясий партиясы өздөрү бизге келип, болбогон шылтоолор менен бизге 8 мандат бересинер деп, талап кылган. Биз, өз кезегинде баарын мыйзам негизинде чечилерин эскерткенбиз. “НДПК” саясий партиясы коюп жаткан 2-чи жана 3-чу орунду алган саясий партиялар эч кандай мыйзам бузууну каттаган эмес жана алган добуштарына макул. Мандат бөлүштүрүү эн көп добуш алуу менен эмес, атайын формула менен аныкталаарын “НДПК” саясий партиясына түшүндүрүүгө аракет кылсак да, эч кандай майнап чыккан жок. Ага карабай, саясий партиянын мүчөсү Алимбекова Тахмина БШКга биздин ишти туура эмес алып баражатасынар деп наразычылык билдирген. Кызыл-Кыя аймактык шайлоо комиссиясы КР “Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча” Мыйзамынын 7 беренесин бузган жок жана мыйзам чегинде иш алып барды.

2021-жылдын 12-апрель күнү саат $15^{07}$ де “НДПК” саясий партиясынын өкүлдөрү келип, болжолдуу мандаттарды бөлүштүрүүнү сурашты. Кызыл-Кыя АШКсы өткөрүлгөн шайлоо боюнча документ иштерин тактап жатканбыз. Жыйынтыкты 3 күндөн кийин беребиз дегенибизге карабай, “НДПК” саясий партиясына 8 мандат бересинер деп талап кылышты. Булардын баары оозеки түрдө айтылып жатты. Кат жүзүндө Кызыл-Кыя АШКсына 2021-жылдын 13-апрелинде кайрылышты.

Ошол эле мезгилде, бизге үч сааттын ичинде жооп бересинер, болбосо укук коргоо органдарына кайрылабыз жана силер атайын убакытты созуп жатасынар деп наразычылыктарын билдиришти.

Кызыл-Кыя АШКсы мыйзам боюнча жыйынтык чечим чыккандан кийин маалымат берет.

Кызыл-Кыя шаардык кенешинин депутаттыгына мандаттарды алдын ала эсептөөлөр боюнча 5 саясий партия шайлоочулардын 7277 (жети мин эки жүз жетимиш жети) добуш алышкан.

КР БОРБОРДУК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 02-15/1335
« 19 » 04 2021 ж/г

Бир мандат – 234,74 добушка ээ болду.

1. "Ата-Журт" СП – 1550/234,74= 6,60 - 7 мандат;
2. "Ата-Журт Кыргызстан" СП – 1549/234,74=6,59 - 6 мандат;
3. "Ыйман нуру" СП – 1352/234,74= 5,75 - 6 мандат;
4. "НДПК" СП – 1615/234,74=6,879 - 7 мандат;
5. "Бир бол" СП – 1211/234,74=5,15 - 5 мандат.

Кызыл-Кыя АШКсы "НДПК" саясий партиясынын арызын жүйөөсүз деп эсептейт жана КР Мыйзамдарынын негизинде иш алып барат.

Сиздерди терен урматтоо менен,

**Кызыл-Кыя АШК төрагасы** **Н.Жалиев**